**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_________________ № ________ Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 25-январындагы № 78 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызматтар, жеңилдетилген дары каражаттары менен камсыздоонун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында, **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 25-январындагы № 78 «Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө» буйругунун 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. ММК полисинин 2024-2025-2026 жылдарга наркы төмөнкү өлчөмдө бекитилсин:

1.1. Кыргыз Республикасынын жарандарына, Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттердин Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамдуу жүргөн жана мыйзамдын негизинде эмгек ишмердигин жүргүзгөн эмгекчилердин үй-бүлө мүчөлөрүнө, качкындарга жана Кыргыз Республикасында башпаанек издегендерге, кайрылмандарга жана “Мекен карт” болгон учурда чет өлкөлүк жарандыгы бар мекендештерге колдонуу мөөнөтү 12 календардык айга 1840 сом өлчөмүндө;

1.2. Чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга колдонуу мөөнөтү 6 календардык айга 5955 сом өлчөмүндө жана колдонуу мөөнөтү 12 календардык айга 11910 сом өлчөмүндө;

1.3. Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк жарандарга колдонуу мөөнөтү 6 календардык айга 5955 сом өлчөмүндө жана колдонуу мөөнөтү 12 календардык айга 11910 сом өлчөмүндө.».

2. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Б.К.Кадыралиевге жана ММК фондунун төрагасынын орун басары С.Э.Исаевге жүктөлсүн.

**Министр** **Д. А. Осмонов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН